КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО
ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ
БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫ

# МААЛЫМАТ БЮЛЛЕТЕНИ №10

## 2021-жыл 1-7-ноябрь

ЖК ШАЙЛОО ВЫБОРЫ 28.11.2021

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

**Көзөмөлдүк тизмеде 3 миллион 699 миң 46 жаран катталган**

2021-жылдын 28-ноябрына дайындалган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо боюнча шайлоочулардын көзөмөлдүк тизмеси бардык **2494** шайлоо участкаларында – республика боюнча **2435** аймактарында жана чет өлкөлөрдө **59** шайлоо участкаларында илинген жана шайлоо мыйзамдарына ылайык шайлоочулардын көзөмөлдүк тизмеси "Тизме"-https: //tizme.gov.kg/ шайлоочулардын мамлекеттик порталында жайгаштырылган.

Шайлоочулардын көзөмөлдүк тизмелериндеги шайлоочулардын саны: бирдиктүү шайлоо округу боюнча — **3 699 046 жаран**, бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча — **3 621751 жаранды** түзөт.

2021-жылдын 11-апрелинде өткөн «Кыргыз Республикасынын Конституциясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамынын долбоору боюнча референдумга (жалпы элдик добуш берүү) катышкандардын санына салыштырмалуу шайлоочулардын жалпы саны **92 миң 845 жаранга** көбөйдү.

Үстүбүздөгү жылдын 9-сентябрында жарыяланган шайлоочулардын алдын ала тизмелериндеги шайлоочулардын санына (**3 686 921**) салыштырмалуу **12 125** жаранга көбөйгөн.

Шайлоочуларды өздөрү тууралуу маалыматтар менен тааныштыруу жана тактоо үчүн УШК шайлоо участкасында шайлоочулардын тизмесин илип коёт.

Шайлоочулардын тизмесин тактоо - 2021-жылдын 19-сентябрынан 12-ноябрына чейин (кошкондо) жүргүзүлөт.

Шайлоочулардын акыркы тизмеси 18-ноябрда “Тизме” порталына жайгаштырылат.

Ошол эле учурда КР БШК шайлоочулардын тизмесин тактоо үчүн маалымат кампаниясын жүргүзүүдө. Жарандар төмөнкүлөрдү тактай алышат:

• **1255 же 119** телефондору аркылуу;

• **"tizme.gov.kg"** сайтында;

• шайлоо участкасында;

•119 номерине ПИН-кодуңузду - паспортуңуздагы жеке идентификациялык номериңизди көрсөтүп СМС жөнөтүү менен, сиз шайлоо участогуңуздун номерин жана дарегин аласыз (SMS билдирүүлөр жана чалуулар акысыз).

Эгерде шайлоочулардын тизмесинде кандайдыр бир ката же так эместик табылса, шайлоочу **2021-жылдын 12-ноябрына чейин (кошкондо)** шайлоочулардын тизмесиндеги маалыматтарды тактоо жөнүндө арыз менен ага Кыргыз Республикасынын жаранынын паспортунун көчүрмөсүн тиркөө менен тиешелүү участкалык шайлоо комиссиясына кайрылууга укуктуу. Мында шайлоочу биометрикалык идентификациядан өтөт.

Арыз мыйзамда белгиленген тартипте авторизациядан өтүп, электрондук форматта, «tizme.gov.kg» сайтындагы «Шайлоочунун кабинети» кызматы аркылуу да берүүгө болот.

Биометрикалык каттоодон өтө элек жарандар бул процедурадан өтүп, паспорттук маалыматтарын Калкты тейлөө борборлорунан (КТБ) жаңыртса болот.

Чет өлкөлүк мекемелердин шайлоочулардын тизмесине киргизилген, Кыргыз Республикасынын аймагында убактылуу жүргөн Кыргыз Республикасынын жарандары **2021-жылдын 12-ноябрына чейин (кошкондо)** шайлоочулардын тизмесине киргизүү үчүн тиешелүү участкалык шайлоо комиссиясына кайрылууга укуктуу. Кыргыз Республикасынын аймагында туруктуу жашаган жарандар, ошондой эле паспорттук маалыматтарын тактоо үчүн жашаган жери боюнча Калкты тейлөө борборуна (КТБ) кайрылышы керек.

**Чет өлкөлөрдө 9 шайлоо участогу ачылды**

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону өткөрүүдө анын чегинен тышкары жашаган Кыргыз Республикасынын жарандарынын шайлоо укуктарын ишке ашырууну камсыз кылуу географиясын кеңейтүү максатында, Тышкы иштер министрлигинин сунушу боюнча чет өлкөлөрдөгү шайлоо участкаларынын саны **59га чейин көбөйтүлгөн** (29 өлкөдө).

**Биринчи жолу төмөнкү шаарларда 10 шайлоо участогу түзүлөт:**

- **Россия -** Казань, Краснодар, Самара, Томск жана Хабаровск шаарларында;

- **АКШ** - Нью-Йорк жана Чикагодо;

- **Түркия** – Анталияда;

- **Италия** - Кальяриде;

- **Венгрия** — Будапештте.

**Россияда – бардыгы 20 участок:**

- **Москвада** – 6 участок;
- **1 участоктон**: Санкт-Петербург, Екатеринбург, Новосибирск, Владивосток, Красноярск, Иркутск, Якутск, Южно-Сахалинск, Сургут, Тюмень, Краснодар, Самара, Казань, Томск жана Хабаровск шаарларында.

**3 участоктон:**

- **Германияда** – Берлин, Франкфурт-на-Майне жана Бонндо;
- **АКШда** – Вашингтон, Нью-Йорк, Чикагодо;
- **Түркияда** – Анкара, Стамбул жана Антальяда.

**2 участоктон:**

- **Италияда** – Рим жана Кальяриде.
- **Казакстанда** – Нур-Султан жана Алматыда;
- **Кытайда** – Пекин жана Гуанчжоуда;
- **БАЭ** – Абу-Даби жана Дубайда.

**1 участоктон:** Ашхабад, Баку, Брюссель, Будапешт Вена, Доха, Душанбе, Женева, Исламабад, Киев, Куала-Лумпур, Лондон, Минск, Нью-Дели, Париж, Сеул, Ташкент, Тегеран, Токио, Эль-Кувейт, Эр-Рияд шаарларында.

**БШК саясий партиялар арасында чүчү кулак өткөрдү**

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы 2021-жылдын 28-ноябрына дайындалган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо боюнча бирдиктүү шайлоо округу боюнча саясий партиялардын шайлоо бюллетендериндеги ордун аныктоо үчүн чүчү кулак өткөрдү.

Анын жыйынтыгы боюнча орундар төмөнкүчө аныкталды:

1. «Ата Мекен»;
2. «Бүтүн Кыргызстан»;
3. «Альянс»;
4. «Легалайз»;
5. «Ыйман Нуру»;
6. «Кучтуу регион»;
7. Кыргызстандын «Багыт» либералдык-демократиялык партиясы;
8. «Ынтымак»;
9. «Ишеним»;
10. «Азаттык» демократиялык партиясы;
11. «Мекенчил эл»;
12. Кыргызстандын Жашылдар партиясы;
13. «Жашасын Кыргызстан»;
14. «Социал-демократтар»;
15. «Аруузат» партиясы;
16. Кыргызстандын биригүү патриоттук партиясы;
17. «Улуттар биримдиги»;
18. «Эл үмүтү»;
19. «Ордо»;
20. «Улуу-Журт»;
21. «Ата-Журт Кыргызстан».

**Шайлоо бюллетенинин формасы жана тексти бекитилди**

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы 2021-жылдын 2-ноябрындагы жыйынында, 2021-жылдын 28-ноябрына дайындалган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоодо бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча шайлоо бюллетендеринин формасын жана текстин бекитти.

Чечим "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Конституциялык мыйзамынын 30-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Конституциялык мыйзамынын 4-беренесине ылайык кабыл алынды.

**КР БШК Жогорку Сотко кассациялык даттанууну кайталап берди**

Борбордук шайлоо комиссиясы 2021-жылы 2-ноябрда талапкер Т. Мамытовду "Ынтымак" саясий партиясынын талапкерлеринин тизмесине калыбына келтирүү боюнча Бишкек шаардык Административдик соттун чечимине даттануу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотуна кассациялык даттанууну кошумча өтүнмө менен кайталап берди.

28-октябрда Бишкек шаардык Административдик соту өз чечими менен Борбордук шайлоо комиссиясынын 2021-жылдын 24-октябрындагы чечиминин №7 талапкер Т. Мамытовду каттоодон баш тартуу жана "Ынтымак" саясий партиясынын талапкерлеринин тизмесинен алып салуу бөлүгүн жокко чыгарган.

Борбордук шайлоо комиссиясы 2021-жылы 29-октябрда Бишкек шаардык Административдик соттун чечимине даттануу үчүн Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотуна кассациялык даттануу берген.

Жогорку Сот 1-ноябрда кассациялык даттанууну кароо боюнча сот процессинин датасын жана убактысын 2-ноябрга саат 15:00гө дайындаган.

2021-жылы 2-ноябрда Борбордук шайлоо комиссиясы кассациялык даттанууну кайтарып берүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун 2021-жылдын 1-ноябрдагы аныктамасын алды.

Жогорку Соттун аныктамасында белгиленген боюнча кассациялык даттануу Борбордук шайлоо комиссиясынын өкүлү тарабынан 2021-жылдын 12-февралындагы ишеним катынын негизинде кол коюлган. Мында сот коллегиясы КР АПКнын 64-беренесинин 2-бөлүгүн бузуу менен кассациялык даттанууга талаптагыдай күбөлөндүрүлбөгөн ишеним кат тиркелген деп көрсөткөн, коллегиянын пикири боюнча, ушуга байланыштуу, анын аныктыгын белгилөө жана өкүлдүн ыйгарым укуктарын күбөлөндүрүүчү кат жүзүндөгү далил катары кабыл алуу мүмкүн эмес.

Көрсөтүлгөн жагдайларга байланыштуу сот коллегиясы КР АПКнын 254-беренесинин 1-бөлүгүнүн 1-пунктуна шилтеме берип, Борбордук шайлоо комиссиясынын кассациялык даттануусун кайтарып берүүнү аныктаган.

2-ноябрда Борбордук шайлоо комиссиясы соттун көрсөтүлгөн аныктамасы менен таанышып чыгып, кассациялык даттанууну өндүрүшкө кабыл алуу жана кароо жөнүндө өтүнмөнү тиркөө менен бул маселе боюнча кассациялык даттанууну кайталап берди, анда Жогорку Соттон бир катар жагдайларга көңүл бурууну өтүндү.

Кассациялык даттанууну кайтарып берүүнү негиздеп, сот коллегиясы шилтеме берип жаткан КР АПКнын 254-беренесинин 1-бөлүгүнүн 1-пунктуна ылайык эгерде даттануу ушул КР АПКнын 249-беренесинин 3-бөлүгүн бузуу менен берилсе, кассациялык даттануу кассациялык инстанциядагы сот тарабынан, даттанууну берген адамга кайтарып берилери белгиленген.

Биринчи инстанциядагы сот – Бишкек шаардык Административдик соту аркылуу кассациялык даттанууну берүүдө кассациялык даттанууну берген Борбордук шайлоо комиссиясынын өкүлү тарабынан КР АПКнын 249-беренесинин 3-бөлүгүнүн ченемдери сакталган.

Атап айтканда, Борбордук шайлоо комиссиясынын өкүлү тарабынан Борбордук шайлоо комиссиясы 2021-жылдын 12-февралында берген, мамлекеттик органдын расмий фирмалык бланкында аткарылган, жетекчи – Борбордук шайлоо комиссиясынын төрагасы кол койгон, ошондой эле аталган комиссиянын мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн ишеним каттын көчүрмөсү тиркелген.

Көрсөтүлгөн 2021-жылдын 12-февралындагы талаптагыдай таризделген ишеним катта белгиленгендей, М.М. Кутбердиевага баардык сот инстанцияларында Борбордук шайлоо комиссиясынын өкүлү болууга, анын ичинде сот актыларын даттануу укугу менен, ыйгарым укук берилген.

Көрсөтүлгөн өкүл 2021-жылдын 29-октябрындагы кассациялык даттануу бергендегидей Борбордук шайлоо комиссиясынын өкүлү катары ишеним кат боюнча бир нече ирет биринчи инстанциядагы соттун чечимдерине кассациялык даттанууну ишеним каттын көчүрмөсүн тиркеп бергенин, ал ишеним кат Жогорку Сотту эч качан күмөн санатпагандыгын белгилей кетүү керек.

Ал тургай, көрсөтүлгөн административдик иштин материалдарына биринчи инстанциядагы сот тарабынан күбөлөндүрүлгөн 2021-жылдын 12-февралындагы ишеним каттын көчүрмөсү тиркелген.

Кассациялык даттануу КР АПКнын 201-беренесинде аныкталган мөөнөттү сактоо менен 2021-жылы 29-октябрда берилгендигин, ошондой эле өкүлгө анык ишеним каттын бар экендигин эске алып, Борбордук шайлоо комиссиясы өндүрүшкө кабыл алуу жөнүндө өтүнмө менен кассациялык даттанууну кайталап берди.

**БШК 28 өлкөдөн 109 эл аралык байкоочуну аккредитациялады**

Ведомствонун эл аралык бөлүмүнүн эксперти Людмила Кутуеванын айтымында, эл аралык байкоочуларды сегиз шайлоо органы, беш эл аралык уюм жана төрт дипломатиялык өкүлчүлүк көрсөткөн.

**Мамлекеттик органдарга жана ЖӨАБ органдарына добуш берүүчү жайлардын жеткиликтүүлүгүн жана жабдылышын текшерүү тапшырылды**

2021-жылдын 3-ноябрында Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоого даярдык көрүү жана өткөрүү боюнча уюштуруу-техникалык маселелерди чечүүдө шайлоо комиссияларына көмөк көрсөтүү боюнча Республикалык штабдын жыйыны болуп өттү.

Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоого даярдык көрүүдө жана өткөрүүдө уюштуруу-техникалык маселелерди чечүүдө шайлоо комиссияларына көмөк көрсөтүү боюнча Республикалык штабдын жыйыны мамлекеттик органдардын жетекчилеринин, Бишкек жана Ош шаарларынын мэрлеринин, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Президентинин ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн катышуусу менен өттү.

Штабдын төрагасы - Кыргыз Республикасынын Коопсуздук кеңешинин катчысы М.Иманкулов мамлекеттик органдардын жана органдардын өкүлдөрүнө шайлоого даярдык көрүү боюнча, анын ичинде участкаларды материалдык-техникалык жабдуу, үзгүлтүксүз жарык жана байланыш, интернет-байланыш менен, суук мезгилде жылуулук менен камсыздоо, жайларды дезинфекциялоо жана уюштуруу мүнөзүнө ээ башка чараларды көрүүдө көмөк көрсөтүүнү тапшырды.

Штабдын тең төрагасы – Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиянын төрагасы К. Н.Шайлдабекова 2021-жылдын 29-октябрынан тартып шайлоо алдындагы үгүт иштери башталгандыгын айтты. Шайлоочулардын жана талапкерлердин шайлоо укуктарын ишке ашыруунун толуктугун камсыздоонун алкагында мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына талапкерлерге, саясий партияларга жарандар менен жолугушууларды жана жыйындарды өткөрүүнү уюштуруусунда көмөк көрсөтүп, массалык иш-чараларды өткөрүүдө коопсуздукту камсыздоо тапшырылды.

Мамлекеттик же муниципалдык менчиктеги, мамлекеттик ишканалардын жана уюмдардын балансындагы жайлар талапкерлерге, саясий партиялардын өкүлдөрүнө, алардын ишенимдүү адамдарына, ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнө шайлоочулар менен жолугушуу үчүн бирдей шартта берилет.

Шайлоочулар менен жолугушуу өткөрүү үчүн мамлекеттик же муниципалдык менчиктеги жайларды берүү тууралуу талапкерлерден, саясий партиялардан келип түшкөн арыз мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан арыз келип түшкөн күнү каралат. Шайлоочулар менен жолугушуу үчүн талапкерге, саясий партияга жай бөлүп берүүдөн баш тарткан учурда мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары баш тартуу себебин түшүндүрүүчү кат түрүндөгү чечимин берүүгө милдеттүү. Эгер көрсөтүлгөн жай массалык иш-чара өткөрүү үчүн талапкерлердин бирине, саясий партиялардын бирине берилген болсо, анда башка талапкерге, башка партияга берүүдөн баш тартуусуна жол берилбейт.

КР БШК төрагасы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына алар дайындалгандан кийин 10 күн аралыгында ар бир шайлоо участкаларында атайын үгүт материалдарын жайгаштыруучу жерди бөлүп берип, анын жабдылышын камсыздоого милдеттүү экендигин эскертти. Талапкерлер, саясий партиялар тийиштүү

шайлоо комиссияларынан шайлоо алдындагы үгүттөөчү материалдарды жайгаштыруучу жайлардын тизмесин алууга укуктуу.

Ошондой эле, Борбордук шайлоо комиссиясы жарандардын эркин билдирүүсү жана шайлоонун ачык-айкындуулугу үчүн шайлоо процессинин бардык катышуучуларынын укуктук жана саясий маданиятын көтөрүү жана аларды маалымдоо боюнча олуттуу иштерди жүргүзүп жаткандыгы да айтылды. Шайлоо белгиленген күндөн тартып жаңы шайлоо тутуму, шайлоо мыйзамдарындагы өзгөрүүлөр боюнча маалыматтык-түшүндүрүү материалдары ар кыл форматта – ЖМК, Интернет-басылмалары, социалдык тармактар, КТБдагы LED-экрандар аркылуу берилип, коомдук транспортто, плакаттарда, баннерлерде ж.б. жайгаштырылат.

Маалыматтык өнөктүктүн маанилүү учуру катары шайлоо процессинин бардык катышуучуларын – шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүн, прокуратура кызматкерлерин, жалпыга маалымдоо каражаттарын жана блогерлерди, банк кызматкерлерин, соттук корпусту, байкоочуларды окутуу эсептелет. Добуш берүү күнүнө карата БШК шайлоо процессине түздөн-түз тиешеси бар, шайлоого даярдык көрүүгө жана уюштурууга катышкан 50 миңден ашуун адамды окутмакчы. Учурда идентификациялоочу жана автоматтык эсептөө урналарынын операторлорун, ошондой эле шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүн окутуу жүрүп жатат. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына шайлоо комиссияларын окутуу үчүн шарттарды түзүп берүү тапшырылды.

Республикалык штабдын тең төрагасы Н.Шайлдабекова шайлоо комиссияларына, мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына добуш берүүчү жайлардын жеткиликтүүлүгүн жана жабдылышын, анын ичинде жылуулуктун, байланыштын, алардын альтернативалуу булактарын, майыптыгы бар шайлоочулар үчүн мүмкүнчүлүктөрдүн болуусун текшерүү тапшырылды.

Ошондой эле 2021-жылдын 5-ноябрында саат 18:00гө чейин шайлоо участкаларынын даректерин өзгөртүү боюнча сунуштарын киргизүү тапшырылды.

**БШК шайлоого катышып жаткан саясий партиялар менен меморандумга кол койду**

5-ноябрда Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясында 2021-жылдын 28-ноябрына дайындалган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоого катышуучу саясий партиялардын ортосундагы Меморандумга кол коюу болуп өттү.

Кол коюуга Борбордук шайлоо комиссиясынын төрагасы Н.К. Шайлдабекова, Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоого даярдык көрүү жана өткөрүүдө шайлоо комиссияларына уюштуруучулук-техникалык маселелерди чечүүдө көмөктөшүү боюнча республикалык штабдын төрагасы, Кыргыз Республикасынын Коопсуздук кеңешинин катчысы М.М. Иманкулов, талапкерлеринин тизмелери БШК тарабынан катталган 21 саясий партиянын лидерлери/өкүлдөрү, эл аралык жана коомдук байкоочулар, өкмөттүк эмес уюмдардын жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү катышты.

“Өлкөнүн баардык региондорунда республикалык штабдын жыйындары өткөрүлүп, ар кыл деңгээлдеги жетекчилерге азыркы шайлоо өнөктүгүнүн өзгөчөлүктөрү түшүндүрүлдү. Алдыдагы шайлоону адил, ачык жана мыйзамдуу өткөрүүгө өлкөнүн жетекчилигинин саясий эрки бар. Мамлекет дагы шайлоону адил өткөрүү үчүн баардык чараларды көрүүдө. Административдик ресурсту колдонбоо камсыздалат. Саясий партиялар дагы шайлоочуларды сатып албоого тийиш”, - деди М.Иманкулов.

КР БШК төрагасы Н.К. Шайлдабекова баардык талапкерлерге жана партияларга тең мүмкүнчүлүктү камсыздоо үчүн Борбордук шайлоо комиссиясы көрүп жаткан чаралар тууралуу маалымат берди. Атап айтканда, жергиликтүү бийликтер үгүт материалдарын жайгаштыруу үчүн баардык саясий партияларга тең

шарттарда атайын орундарды берди, дебаттарды жана жеке чыгып сүйлөөлөрдү өткөрүү үчүн өлкөнүн телеканалдарында акысыз обо убактысы бөлүндү.

Саясий партиялардын ортосунда Меморандумга кол коюу эл аралык стандарттарга ылайык демократиялык шайлоо өткөрүүнүн маанилүү кепилдиги болуп саналат.

Меморандум – бул катышуучулары мыйзам алкагында гана аракеттенүүгө, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын талаптарын кыйшаюусуз аткарууга, шайлоо мыйзамдарынын жана башка ченемдик укуктук актыларынын ченемдерин сактоого милдеттенүүчү келишим.

Документке кол коюу менен, партиялар өздөрүнө милдеттенме алышты жана төмөнкүлөргө даярдыгын ырасташты:

• добуш берүү күнүнө чейин жана добуш берүү күнү шайлоочулардын добуштарын сатып алууга өзүнүн катышуусун жана партиядагы өз өкүлдөрүнүн, ишенимдүү адамдарынын, үгүт жүргүзүүчүлөрдүн, туугандарынын, досторунун, тааныштарынын жана башка адамдардын катышуусун болтурбоого, шайлоочуларды сатып алууга каршы бардык чаралар менен күрөшүүгө, анын ичинде укук коргоо органдарына көмөк көрсөтүүгө;

• социалдык жаатташуу жана каршылашуу, жалаа жабуу, тике жана кыйыр түрдө диний тематиканы колдонуу же ага таянуу, ошондой эле күч колдонууга жана коомдук тартипти бузууга көкүтүү камтылган маалыматтарды, үгүт жана маалыматтык материалдарды интернет жана башка ресурстар аркылуу расмий же жашырын басып чыгарбоого жана жайылтпоого;

• өз максаттарына жетүү үчүн административдик ресурстарды пайдаланууну жокко чыгарууга;

• Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине аялдардын, жаштардын, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын, ар кандай этносторго таандык адамдардын өкүлчүлүгүн камсыз кылууга багытталган Кыргыз Республикасынын мамлекеттик саясатынын чараларын колдоого жана шайлоо мыйзамидарынын ченемдерин толук баалуу жүзөгө ашырууга көмөктөшүүгө;

• шайлоо өнөктүгүндө аял талапкерлерди ар тараптан колдоп, аларга маалыматтык жана укуктук жардам көрсөтүүгө, саясий партиялардын талапкерлеринин тизмесинен аял талапкерлердин мандаттан баш тартуусуна жана тизмеден чыгаруусуна көмөктөшкөн басмырлоонун бардык түрлөрүн жокко чыгарууга.

Меморандумда шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүнө – талапкерлер жана саясий партиялар менен өз ара аракеттешүү үчүн калыс жана ачык болууга, республикалык штабга жана укук коргоо органдарына –

административдик ресурстарды колдонууга жол бербөөгө жана шайлоо процессинин бардык катышуучулары үчүн бирдей шарттарды камсыз кылууга, ал эми жалпыга маалымдоо каражаттарына – бурмалоолорго жана манипуляцияга жол бербестен, адил жана обьективдүү болуу талабы коюлду.



**Шайлоо дайындалган күндөн тартып БШКга бузуулар боюнча 34 кайрылуу келип түштү**

Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан аныкталган бузууларга карата ыкчам чара көрүү максатында 36 шайлоо округунун ар биринде шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүнөн, укук коргоо органдарынан ыкчам чара көрүүчү координациялык тобу (ЫЧЧКТ) түзүлгөн. Чара көрүүнү иликтөө борбору КР БШКда түзүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине депутаттыкка талапкерлерге жана саясий партияларга карата шайлоо мыйзамдарынын бузулушу боюнча маалыматтар, кайрылуулар Борбордук комиссия тарабынан, ал эми шайлоо процессинин калган субъектилери боюнча – аймактык округдук шайлоо комиссиялары тарабынан каралат.

Өтүлгөн жыйындардын жыйынтыгы боюнча, бардык ЫЧЧКТларга бузууларга ыкчам чара көрүү (үч күндүк мөөнөттө), бардык мамлекеттик жана муниципалдык органдар менен тыгыз координацияда болуу тапшырмасы берилди.

Борбордук шайлоо комиссиясы 600дөн ашуун ички иштер, прокуратура жана УКМК  кызматкерлерин шайлоо мыйзамдарынын өзгөчөлүктөрүнө, конституциялык-укуктук өзгөчөлүктөргө, шайлоонун жүрүшүндөгү жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине депутаттарды шайлоодо мыйзамдын сакталуусуна көзөмөл жүргүзүүгө окутту.

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын маалыматы боюнча, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо дайындалган күндөн тартып, башкача айтканда, 2021-жылдын 29-августунан 4-ноябрына чейин  шайлоо процессинин бузулушу боюнча 34 кайрылуу келип түшкөн.

Алардын ичинен:

- БШКнын Ыкчам чара көрүүчү координациялык тобуна – 17:
- Шайлоочулардын арыздарын жана даттанууларын кароо боюнча БШК Жумушчу тобуна – 13
- БШК Маалымдоо жана үгүттөө маселелери боюнча жумушчу тобуна – 4.

Мүнөзүнө карата кайрылуулар төмөнкүчө бөлүнөт:

1. шайлоочулардын добуштарынын сатып алынышы тууралуу – 17
2. административдик ресурсту кыянаттык менен пайдаланылышы тууралуу - 2
3. шайлоо алдындагы үгүттөө шарттарынын бузулушу тууралуу – 4
4. участкалык шайлоо комиссиясына даттануу – 1
5. шайлоо фондун каржылоо тартибинин бузулушу  - 4
6. атайын жалган документтердин колдонулгандыгы тууралуу – 2
7. талапкерди каттоодон баш тартуу тууралуу - 2
8. талапкерлердин тизмесинин к/н көрсөтүү тартибин бузуу тууралуу – 1
9. талапкерди кылмыш жоопкерчилигине тартууга макулдугун берүү тууралуу тергөө органдарынын өтүнүчү – 1.

Аймактык алкактан караганда, кайрылуулар төмөнкүчө бөлүнөт:

1. Аймактар:

1. Бишкек – 13

2. Чүй облусу – 7
3. Ош облусу – 8
4. Жалал-Абад облусу - 2
5. Нарын облусу – 2
6. Баткен облусу – 1
7. Ысык-Көл облусу – 1

Укук коргоо органдары (ЫЧЧКТ) тарабынан 7 кайрылуу Маалыматты каттоо журналында (МКЖ) катталган. Алардын ичинен 5 – номенклатуралык иш, 1 иш боюнча териштирүү жүрүп жатат, 1 иш ОШКга карап чыгууга берилди.

10 кайрылуу Кылмыштардын жана жоруктардын бирдиктүү реестринде (КЖБР) катталган, алардын ичинен 4 иш боюнча сотко чейинки тергөө жүрүп жатат, 6 кайрылуу боюнча кылмыш тутумунун жоктугуна байланыштуу териштирүү токтолуган, дагы экөө ИИМдин кароосунда.

Борбордук жана округдук шайлоо комиссиялары тарабынан төмөнкүдөй чаралар кабыл алынды:

- Шайлоо алдындагы үгүт иштерин жүргүзүү эрежелерин жана тартибин бузуулар үчүн 5 жазуу түрүндөгү эскертүү берилди:
- 1 айып салынды;
- 1 талапкерди тиешелүү органдарга жөнөтүү чечими кабыл алынды.

**ЫЧЧКТ байланыш каналдары:**

**- кыска номер - 1255;**

**- WhatsApp номери: 0990 02- 12- 55; 0 755 00 2965;**

**- ишеним телефону - 0312 62-62-46;**

**- коомдук кабылдама: 0312 66-02-40;**

**- электрондук дарек:** kgor_cec@shailoo.gov.kg.

**Аймактык медиа борборлор маанилүү дебат процессине катышууда – КР БШК төрагасы**

5-ноябрда, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясында Маалымат жана басма сөз кызматкерлеринин күнүнө арналган жолугушуу болуп өттү.

Жолугушууга БШК төрагасы Н. Шайлдабекова, Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министринин орун басары Ч. Эсенгулов, эл аралык уюмдардын өкүлдөрү, аймактык медиа борборлордун жетекчилери, жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү катышты.

БШК төрагасы Н. Шайлдабекова ЖМК кызматкерлерин кесиптик майрамы менен куттуктады.

«Биздин кубаттуу потенциалды, атап айтканда, ушул тапта абдан маанилүү талкуу процессине киришип жаткан облустук медиа борборлорду колдоого жасаган аракеттерибиз эл аралык өнөктөштөр тарабынан колдоого алынгандыгын кубануу менен билдирмекчибиз. Кыргызстанда биринчи жолу аймактарда бир мандаттуу округдардын деңгээлинде талкуу жүрүп жатат. Биздин өнөктөштөрүбүз жүргүзгөн сурамжылоолор боюнча, талкуулар бул шайлоодо күтүлгүчү эң маанилүү маалыматтык окуялардын бири болмокчу.

Учурда биз жарандык билим берүү долбоорун жайылтып жатабыз, муну менен биз шайлоолор аралыгында жарандарыбыздын өз жарандык жоопкерчилигин түшүнүүсүн күчөтүүгө аракет кылып жатабыз» - деди ал.

Маданият министринин орун басары Чыңгыз Эсенгулов шайлоого даярдык көрүү тууралуу айтып, бир мандаттуу округдар боюнча талапкерлер үчүн талкуулар менен катар эле, ЭЛТР телеканалында аял-талапкерлер жана жаштар ортосунда, ошондой эле партиянын лидерлери үчүн КТРКда теледебаттар уюштурула тургандыгын белгилеп кетти.

Майрамдык иш-чаранын жүрүшүндө жабдууларды тапшыруу жана Кыргыз Республикасынын облустук телеканалдары менен Борбордук шайлоо комиссиясынын ортосунда Меморандумга кол коюу аземи болуп өттү. Кыргызстандагы шайлоолорго колдоо көрсөтүү боюнча бир мандаттуу округдар боюнча Жогорку Кеңешке шайлануучу бардык талапкерлердин катышуусу үчүн акысыз обо убактысын берүү үчүн БУУӨП программасынын алкагында 7 студиялык видеокамера алынды.

КРда шайлоолорго колдоо көрсөтүү боюнча БУУӨП программасынын техникалык кеңешчиси Риса Арай облустук телеканалдарга тапшырылган 7 видеокамера талапкерлер үчүн мүмкүнчүлүктөрдү теңдештирүү боюнча жана шайлоочуларга негиздүү чечим кабыл алуусу үчүн маалыматтын жеткиликтүү болуусун кеңейтүүдө Борбордук шайлоо комиссиясынын жана аймактык медиаборборлордун аракеттерине өбөлгө түзөөрүн белгилеп кетти.

«Эң башкысы, бул камералар шайлоо цикли аяктагандан кийин деле жарандарды жана шайлоочуларды агартуу максатында колдонула берет, андыктан БУУӨП мындай узак мөөнөттөгү өнүгүүгө өз салымын кошуп жаткандыгына абдан кубанычтуу» - дейт Риса Арай.

Ошондой эле Улуттук демократиялык институт (NDI) тарабынан аймактык медиа борборлор үчүн төрттөн чубалгысыз түйүндүү микрофон сатылып алынды, талкууларды өткөрүү үчүн студиялар жабдылды.

“Жыл өткөн сайын талкуулар маанилүү роль ойной баштады, алар жарандардын өз тандоосун жасоосуна олуттуу таасирин тийгизүүдө» - деди ал.

Талас медиа борборунун директору Эрмек Үмөтов Боршайкомго колдоо көрсөткөндүгү үчүн ыраазычылыгын билдирди.

«Аймактардагы медиа борборлорго баары эле көңүл бура бербейт, бирок алардын мааниси абдан жогору. Медиа борборлордун карамагында гезиттер, сайттар, ТВ, б.а. бүткүл аймактын маалыматтык тармагы жайгашкан» - деп белгилеп кетти ал.

**ЕККУ ДИАУБ миссиясына шайлоо бюллетендерин толтуруу жөнүндө шайлоочуларга маалымдоо боюнча чаралар тууралуу маалымат берилди**

2021-жылдын 5-ноябрында Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасы Н.Шайлдабекованын ЕККУ ДИАУБ Миссиясынын Башчысы Даме Одри Френсис Гловер менен жолугушуусу болуп өттү.

КР БШК төрагасы Н.Шайлдабекова миссия мүчөлөрүнө алдыда күтүлүүчү парламенттик шайлоолордун өзгөчөлүктөрү, шайлоо процессинин өткөн этаптары жана шайлоонун ачык-айкындуулугун, адилеттүүлүгүн камсыздоо үчүн Боршайком тарабынан көрүлүүчү чаралар тууралуу маалымат берди.

Бүгүнкү күндө Кыргызстанда добуштарды эсептөөдө ишенимдүүлүктү камсыздоочу технологиялар киргизилген. Натыйжада, саясий партиялардын өз өкүлдөрүн шайлоо комиссияларына киргизип жиберүүгө жасаган аракеттери азайды, анткени, добуштардын ишенимдүүлүгүнө көзөмөл жүргүзүүнүн башка да аспаптары бар.

ЕККУ ДИАУБ Миссиясына добуш берүү жол-жобосу, шайлоо бюллетендери боюнча түшүндүрүүлөр берилди. Бирдиктүү шайлоо округу боюнча бюллетенге ылайык шайлоого катышкан бардык саясий партиялар чүчү кулак өткөрүлгөнүнө ылайык киргизилген. Ошол эле бюллетенде партиялык тизмедеги талапкерлердин санына жараша 54 чарчы жайгаштырылат.  Бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча добуш берүү өзүнчө бюллетень боюнча жүргүзүлөт.

Шайлоочуларга маалымат берүүнүн алкагында КР БШК сайтында «Талапкерлер жана партиялар» бөлүмүндө талапкер же партиялар тууралуу бардык маалыматтар, программалар жайгаштырылган, шайлоо фондунун каражаттарынын кыймылы көрсөтүлгөн  (https://talapker.shailoo.gov.kg/ky/parliamentary). Ошондой эле талапкерлердин тизмеси менен гезиттин тиражы да пландаштырылган, добуш берүүчү ар бир кабинада бардык партиялар боюнча талапкерлердин тизмеси менен брошюралар болот.

Шайлоонун эки тутумун ажыратуу үчүн бирдиктүү шайлоо округу боюнча бюллетень көгүш тилкелүү, бир мандаттууда – бардыгы ак болот. Кыргызча жана орусча бюллетендердин пропорциясы Улуттук статистикалык комитеттин маалыматтарына таянуу менен ар бир облус үчүн айрым-айрым болот. БШК бюллетендерди шайлоочулардын санына жараша - 3 млн 686 миң плюс 0,1% пропорционалдык тутум боюнча жана бир мандаттуу шайлоо коругдары боюнча дал ушунча бастырып чыгарат. Бардыгы 7,2 млн. бюллетень болот.

Участкаларда жарандар каалоосу боюнча тигил же бул бюллетенди тандап алышат. Бул учурда партиянын аталыштары партиялардын өздөрү аркылуу жигердүү жарыяланып турат, муну менен алар өз аталыштарын эстеп калууда татаалдыкты жаратпайт.

Бюллетендерди толтуруу боюнча баракчалар ыктыярчылар тарабынан көчөлөрдө таркатылат, плакаттар коомдук унааларда, аялдамаларда, эл топтолгон жерлерде жайгаштырылат.  Маалымат баракчаларында ошондой эле, парламенттин ыйгарым укуктары да түшүндүрүлөт, муну менен шайлоочу КР ЖКга бара жаткан талапкерлер кандай сапаттарга ээ болууга тийиш экендиги, парламент кантип шайлана тургандыгы жөнүндө маалыматка ээ болуусуна шарт түзүлөт. БШК шайлоо комиссиялары үчүн 10миң даана чоң плакаттарды даярдайт, ал эми кичинекей плакаттардын саны андан да көбүрөөк болот.

КР БШК шайлоого даярдык көрүүнүн алкагында моделдик добуш берүүнү уюштурат, бул шайлоочу шайлоо участогунда канча убакыт болоорун, кандай кыйынчылыктар чыгышы мүмкүн экендигин аныктоого мүмкүндүк берет, муну менен добуш берүү күнүнө чейин пайда болуучу маселелерди чечүүгө шарт түзүлөт. Добуш берүү кантип жыйынтыктала тургандыгы жөнүндө өзүнчө даярдалган презентация, добуштарды эсептөөнүн ишенимдүүлүгүн көрсөтүүдө саясий партиялар үчүн уюштурулат.

ЕККУ ДИАУБ Миссиясы Кыргызстандагы өз ишин 2021-жылдын 18-октябрынан тартып жүргүзө баштады.

***Маалымат үчүн:***

**2021-жылдын 3-ноябрына карата 28** мамлекеттин ичинен **109** эл аралык байкоочу аккредиттелген/ЕККУ/ДИАУБ Миссиясы – **40** адам аккредиттелген.